ТАРБИЯЛЫК СААТ

# Жашоо деген эмне?



# Жашоодо максат коё бил!



Омуралиева Р.М.

**Жашоо деген эмне? Жашоодо максат коё бил!**

**Сабактын максаты:**

**Билим берүүчүлүк:** "Жашоо жана жашоонун максаты" жөнүндө ой жүгуртүүгө өбөлгө түзүү

**Өнүктүрүүчүлүк:** Өз оюн так, туура сүйлөөгө калыптанышат

**Тарбия берүүчүлүк:** Сүйлөп жаткан адамды уга билүүгө жана турмушта багытты туура коюуга калыптанышат

**Көрсөткүчтөрү:**

1. Окуучулар Ата Журтту сүйүү, Ата Мекенди коргоо жөнүндө түшүнүгүн айтып бере алса.
2. Өзүнүн атуулдук сезимдерин айтып, түшүндүрүп бере алса.
3. Окуучулардын патриоттук сезимин билдирип, эр жүрөктүүлүккө таазим кыла билсе.

**Сабактын тиби:** Аралаш

**Сабактын методу:** Инновациялык метод

**Предмет аралык байланыш:** География, сүрөт, адабият, тарых

**Сабактын жабдылышы:** Сүрөттөр. Буклеттер.

**Сабактын жүрүшү: Уюштуруу: -** Саламатсыздарбы, балдар! Бүгүн биз "Жашоо деген эмне? Жашоодо максат коё бил" деген темада класстык саат өтөбүз



**Мугалимдин сөзү:**

Ар бир көрсөтүлгөн сүрөткө маани берилет.

Жаралып бул дүйнөгө келген күнүң,

Жаралып эне сүтүн күнүң.

Кереметтүү кучагына сени алган,

Жашоону түшүнөбүз мына бүгүн.

Ыңаалап алгач ирет көз ачканда,
Эне сүтү оозунда, маңдайында.
Алпештеп ак бешикке бөлөп баккан,
Апакең болот сенин маңдайыңда.

Убакыт учкан куштай зымырап тез,
Мына эми мектепти да бүтүрүү кез.
Алтындай ардактуу эже-агайлар,
Балдарыңар силерди унутпас эч.

Сезимдердин сересинде жетелешип,
Сүйүүнүн деңизинде кулач керип.
Баш кошушту бактылуу ушул күнү,
Дилдеринен бири-бирине ант беришип.

Тагдырдын тайганына жыгылбастан,
Жашоонун багытында жаңылбастан.
Балдарынын күлкүсүнө тойбой-тойбой,
Өмүр сүрүп жашап келет кайгырбастан.

Турмуштун даңгыр жолун бирге басып,
Жашоонун ак карасын бирге таанып.
Кармашкан колуңар үзүлбөсүн,
Бактылуу өмур сүрүп бирге каарып.

# Бышыктоо

**Жашоодогу багыттар:1.** Ыраазычылык 2. Кечиримдүүлүк 3. Сабырдуулук 4.Кең пейилдүүлүк 5. Күлкү 6. Сүйүү 7. Жоопкерчилик 8. Изденүүчүлүк

**Аракеттер:**

**1.**Бүгүндөн баштап мен өзүмдү көзөмөлдөп, терс ойдун болушуна жол бербеймин.

2. Бүгүн мен, кечке чейин бардыгына ыраазычылыкта жүргөнгө аракет кылам.

3. Бүгүндөн баштап мен өзүмдүн жашоом үчүн толук жоопкерчиликти алгага аракет кыламын.

4.Бүгүн мен, жан дүйнөмдү, адилетсиз деп эсептеген сезимдерден тазалайм.

5.Бүгүн мен, баардык адамдарды кечирем жана аларды түшүнгөнгө аракет кылам.

6. Бүгүндөн баштап мен, сабырдуу болгонго үйрөнөм.

7. Бүгүндөн баштап мен, жашоомдо жаралган ар бир кыйынчылыкка күлкү менен жооп беремин.


8. Бүгүндөн баштап мен, жан дүйнөмдү таанып-билүү үчүн изденем.

"Татыктуу жашоо үчүн шашыл. Унутпа ар бир күнүң өзүнчө бир өмүр". (Луций Анней Сенека)


"Жашоо байлык топтоо үчүн эмес, байлык жашоону жакшыртуу үчүн берилет" ( Сади ширази)

"Жашоо – жараткандын сизге белеги. Татыктуу жашоо, сиздин өзүңүзгө белегиңиз". (Фридрих Вильгельм Ницше)

Кана эмесе балдар! "Жашоо" дегенди кандай түшүнөсүңөр?



**Жыйынтык тоо**




**5 минуттук эссе**

## Улуу максаттарды кой!

**“Кыска мөөнөттөгү жол болбостукка көңүлүңүз чөкпөш үчүн, сиздерде узак мөөнөттөгү максаттар болушу керек”.**

**(Чарльз С. Нобель)**

Албетте, максатсыз жашаса болот, ал эмес, азыркы кезде көбүбүз ушундай максатсыз өмүр сүрүүдөбүз. Бирок, максатсыз жашоо – бул маанисиз жашоо. Адамдын жашоосундагы максаттын жоктугу, анын ички дүйнөсүнүн өсүүсүнүн токтотуп, анын кызыкчылыгын олтуруп, анын деградацияланышына алып келет.

Максатсыз жашоо адамдын ички жан дүйнөсүндөгү бүлбүлдөп күйгөн үмүттүн шамын өчүрүп, анын ички дүйнөсүн эле эмес, сырткы дүйнөсүнүн да караңгылыгына алып келет. Андыктан айтаарым, алдыга максаттарды коюңуздар, улуу максаттарды коюңуздар. Анткени максат деген – бул чытырман, уч кыйыры жок токойдон адашканга – компас, чексиз көрүнгөн океан адашкан кемеге – маяк болот, максат бул адамдын жашоосун жарык кылып, боз өңдөнгөн турмуш-тиричилиути, жашоонун бардык түстөрүнө бөлөйт. Максат бул адамдын ар бир күнүнө маңыз берип, аны жашоосунун ар бир минутасын туура пайдаланганга үйрөтөт. Максат бул адамдын жашоосундагы бардык кыялдарын орундатуучу улуу күч.

“Биз дүйнөдөгү өзгөрүүнү көрүш үчүн, өзүбүздө ошол өзгөрүү болушу керек”. (Махатма Ганди)

**Тапшырма: Ар бириңер жашоодогу максатыңарды жазып келгиле.**

**Баалоо**





## *Чынгыз Айтматовдун созу.*

Китеп - адамдардын руханий байланышындагы коонорбос коронгонун бири, ал адамдарды оз башатына баш багууга жан дуйносунун сырдуу туйундордун чечууго учурдагы откондогу жана келечектеги турмушка серп салып, байкоо жургузууго туртку берет.

Китеп – адамдарды байланыштырат.

«Менин басып откон турмуш жолум кыйын болду, азыр да кыйын. Бирок, кыйынчылыкты сабырдуулук , туруктуулук менен жене билиш керек. Ошондой эле, кандай гана шартта болбосун, адилеттуу чынчыл болуш керек».

Баардык нерсеге укуктуумун , бир гана нерсеге – жаман жазууга укугум жок.

*Ч.Айтматов.*

***Жазуучу акындардын залкар жазуучубуз Ч.Айтматов тууралуу айткан ой-пикирлери.***

Биздин Мекен таланттарга кандай гана бай! Болгондо да зор , дуйнолук масштабдагы таланттарга бай…
Алардын бири- Кыргызстандын уулу Чыгыз Айтматов.

М.Шолохов.

Айтматов – бул адабияттагы сейрек учуроочу озгочо, бир ботончо корунуш. Менимче , дуйнолук адабияттын аймагына Чынгыз озу кирген жок, дуйнолук адабияттын озу анын чыгармачылыгын кабыл алды.
Адабияттын таразасында жазуучунун салмагы таланты менен олчонот.

Ч.Айтматов чыгармадагы ото кызыктуу универсалдуу руханий феномен»

Г.Д. Гачев.

«Чыныда «Жаныбарым Гулсарым» -проза турундо жазылган поэма , журок кылын чертип , жан сезимди козгоп, адамды жыргаткан поэзия»

Т.Умоталиев

Текширилди 05.04.21

## Сабактын максаты:

Инсандык сапаттардын баалуу болгон ыйман жана адеп адамдык жакшылыктарга үндөөнү билип алышат. Өз ысымдарынын жеке рухий жана маданий дөөлөттөр аркылуу калыптандырышат. Адептүүлүк менен ыймандуулуктун маанисин түшүнө алган тажрыйбаларын турмуш менен айкалыштыра алышат.

**Сабактын жабдылышы:** макал-лакаптар учкул сөздөр, плакаттар.

**Сабактын тиби:** Билимдерди, билгичтиктерди ж-а көндүмдөрдү өркүндөтүү сабагы.

**Сабактын түрүнүн:** Уюштуруу.

**Ураны:** Саламаттык зарыл

Балдар, мен силерге бир суроо менен кайрылам, ал суроого берген жообуңуздар сабактын алтын эрежеси менен кабыл алынат. Доскадагы керемет тарыхта айтылган жоопту жазган. Ак-сөздөрдү түрдө жазылган иш аракеттерди ойго кимге алып барар эмне деп айдын ал-өскөн сөздөрдү пайдалга алынган болот.

- Жоопкерчилик

- Демек, бүгүнкү сабактан алган билимдерди жоопкерчилик менен үйрөнүүгө милдеттүүбүз. Балдар силердин түрлөрүңүздө кимиңиз жана тандап эки топко бөлүнүп алсаңыздар.

„Ыйман" – тобу. „Айкөлдүк – жакырчылыкта ак ниет ачуу келгенде сыналат."

„Адеп" тобу. „Чындык адам акылын тазартат, Адептүүлүк шык берет."

Мугалим: Албетте, ар бирибиздердин турмушубуздо келечекке болгон жакшы максат, ой тилектер бар экени, ал максаттарга, ~~түз~~ жетүү үчүн көп аракеттер жумшоо керек. Ошол жакшы ж-а жаманды ажырата билүү зарыл. Качан гана адамдын ички сапаттар бышып жетилип өз түшүнүгүн бергенде бир максаттарга жете болот. Турмуштагы ар түрдүү кырдаалдарды акыл, эсинен өткөрүп, талдап адамдыкка ылайыктуу сапаттардай жакшылардан кемчиликсиз адам өсүп жетилет.

„Бирөөнү сыйлаба, сени да сыйлабайт." (эл. мак.)

„Тынчтоолук – мыкты сапат, бирок кайдыгер болууга жарабайт." (Ф. Вольтер)

„Адам бардык жактан татыктуу болууга тийиш. Анын жүзү жаркын, ичи таза, ой түшүнүгү сырты сымбат" (А.П. Чехов)

„Ачуу сирке балды бузган сыяктуу, ичи тардык ыйманды бузат" (Хадис)

„Ыйман" тобуна „Ат жүрүшүнөн, адам турушунан билинет."

„Әдеп" тобуна „Айткан кулак акыл болсо, уккан кулак маңыз болот."

Мугалим: Атанын балага калтырган эң жакшы мурасы - тарбия дешкенчи, андай сиздер билген макалдарды айтып бериңиздер.

Окуучу: Сөздү ойлонуп анан сүйлө.
Бересиңди акылга жебе.
Сырыңды сактап тут.
Акмак м-н маанайдан алыс кач.

Окуучу: Ач жеп, ак уктап, арылган сүйлөгөндү адат кыл.
Сурап келсе, кол каратпа
Жеңиң менен мурдуңду сүртпө.
Өйдө тикке сөз уктаба.

Окуучу: Жол жүргөндө улуудан озбо.
Эл көзүнчө какырынып-түкүрбө.
Тилиңди тишиңе кой.

Окуучу: Тоо-жолдоштун пайда-зыяны таразада сына.
Төрдө сүйлөөнүн акыры жана жүр-шак сүйлө, кишинин сүйлөөнүн жөн жагына карап сүйлө.

## Сабакты бышыктоо:

1-суроо: Жогоруда айтып өткөн акыл-мурастардан кимдин үй-бүлөлөрдө кайсылары айтылат?

2-суроо: Адеп менен эмгек адептиктери мурда кандайча түшүнүлгөн?

3-суроо. Бүгүн кайсы толуктоолорду руханий-маданий билимиңе ээ болдуңуз?

Карточкалардагы тапшырмада „Иман бар адам" болду. Бир топко „Ынтымак-биримдиктин" корутундусу билинип алынды.

## Үй тапшырма: „Адамдын баалуу сапаттары" деген темада дилбаян жазуу.

*А.Жаманбаев атындагы толук эмес орто мектеби.*

*тема : «Жолдо жүрсөң так бол , шумкарлардай сак бол !»*

*мугалим : Сабралиева Ф.А.*

Сабактын темасы:

Жолдо жүрсөң так бол,
Шумкарлардай сак бол!

Сабактын максаты:

а) Окуучуларга жолдо жүрүү эрежелерин түшүндүрүү.

б) Көчөдө, транспортто туура жүрүүнү үйрөтүү.

в) Маданияттуулукка, әдептүүлүккө, боорукерлик-ке тарбиялоо.

Сабактын түрү: Таймаш сабак.

Сабактын жабдылышы:

Жолдо жүрүү эрежелери боюнча сүрөттөр. Светофордун макети. Жол белгилеринин сүрөттөр. Карточкалар, дубалгазета.

Сабактын жүрүшү:

1. Уюштуруу:

Саламдашуу.

Түстүү карточкаларды тандоо менен окуучуларды топторго бөлүү, капитан командаларын шайлап, жагымдуу жагдай түзүүлөө.

Мугалим: Ар бир адам жолдо жүрүүнүн эрежелерин жакшы билүү керек. Биздин айыл жерибизде көчөдө басуу өтө деле кыйын эмес, бирок чоң көчөлөрдөгү автомобилдер, мотоцикл-дер, микроавтобустар тынымсыз ары-бери өтүп турат. Мына ошол түрдүү машиналардан этият басууга үйрөнүү - баарыбыздын милде-тибиз. Машина айдоочулар эреже боюнча так жүрүшөт. Алар дайыма жолдо жүргөндүктөн эрежелерди жатка билишет. Ошондой эле жөө жүрүүчүлөрдүн да өзүнчө эрежелери бар. Биз да ошол жолдо жүрүүнүн эрежелерин жатка билишибиз керек.

1- окуучу светофордун макетин кийип чыгат.

2-окуучу: Жол үстүндө үч кабат,
Илинген нурду карагын.
Светофор деп коёт,
Эсиңе ал, өчүп жанарын.

3-окуучу: Көңүлүңдө илинсин,
Көчө шартын, дилгирим!
Шашкандардын жолдо,
Не болорун билинсин.

4-окуучу: Жанаша турган көзү бар,
Жакшылап айткан сөзү бар.
Кызыл, сары, жашыл да,
Так жандоочтун өзү бар.

1- окуучу кийген макеттен кызыл көзүн күйдү деген маанида колу менен көрсөтөт.

5-окуучу: Көрдүңбү, жанды кызылы,
Көбүнүн арбын кызыгы.
Кишилер өтпөй турсун деп,
Чийилген жолго сызыгы.

1-окуучу: макеттен сары көзүн көрсөтөт.

6-окуучу: Кызылы өчпөй баспагын,
Шаамиси башка жактагын.
Сарысы күйүп турганда,
Санаңды чаап шашпагын.

1-окуучу макеттен жашыл көзүн көрсөтөт.

7-окуучу: Жашылы күйүп жанганда,
Жарашпайт карап калганга.
Жорголой тартып өтүп кет,
Жол берип жатат басканга.

8-окуучу: Паравоздун макетин көрсөтүп:

Кыя бел, кыштак шаардан,
Агып келет паравоз.
Азык-түлүк эл тартып

Шашып келет паравоз.
Темир жолдо ойнобо,
Тепсебейт деп ойлобо.

„Кырсык кашы кабактын ортосунда" темасында кичинекей инценировка.

Алып баруучу:
Камырабай, Укпасбек деген бала,
Топ ойноп жаткан жол ичинде,
Ай, ай эми болот эми
Чоң жолго топ ыргып кетти?
Машине келе жатат тушунда.

Укпасбек топтун артынан жүгүрөт. Машина кагып кетет. Ал кыйкырып жиберет: Ай-ай!

Айдоочу: Ай, чунак бала,
Эмне болду сага?
Чоң жолдо коркпой,
Ойногонун кара.
Тирүүсүңбү, айланайын ай, а?
Карбаластап турузат.

Укпасбек: Ой-ой, бутум-ай!

Айдоочу, кармалап көрөт.
Бутуң ооруп жатса,
Тез жеткирейин ооруканага.
Ооруканага алып кетет.

9-окуучу: Чоң жолго жакын ойнобоо керек.
Көрдүңүзбү, кырсыкка өзү болду себеп.

10-окуучу: Топ ойнобо чоң жолдо,
Машиналар өтпос деп.
Шашпай жүргүн кочодо,
Көкүстүк деги балакет.

Окуучулардын баардыгы чогуу: Кырсык-кашы кабактын ортосунда.

11-окуучу: Тирсе эр ичке жолдо машина,
Карап өткүн, барба жакын жанына.
Айдоочу кокус дагы кетпесин,
Эч ким жок деп карабастан айдаса.

12-окуучу:
Жолдон өтсөң сол жагыңды карагын!
Шаша, көрбө бачым өтүп кеткенге.
Андан кийин оң жагыңа карагын!
Ортодогу ак сызыкка жеткенде.
Машиналар алыс жакта болгон соң,
Өтө бергин коркунуч жок мектепке.

Алып баруучу: Ары жактан окуучулар келе жатышат.
А тигил окуучулар,
Келе жатат мектептен,
Жолдун так так ортосунда.
Милиционер карап турат,
Ала-була таякчан.
Балдар бузуп эреже
Өтмөк болду карасаң.

Милиционер сөзгө алаксып келе жаткан окуучулардын жолун тосуп, бышкырат.

Окуучулар: туруп калышат. - Кечиресиз!
А. б: Окуучулар өз ара сүйлөшүшөт.

13-окуучу: Милиционердин колундагы
Ала-була таякчасы
Жол кыймылын башкарат,
Сыйкырдуудай карачы.

14-окуучу: Так көчөнүн ортосунда,
Турса эгер милиционер.
Жүргүнчүлөрдү жолго салат,
Тил алышат бардык эл.
Бышкырып ал бат токтотот,
Эрежени аткарбасаң сен эгер.

Милиционер: окуучуларга карап, кыймылы менен көрсөтөт.

Эгерде мен далыма салып.
Же турганда бетме-бет,
Андо досум, ойлонбостон,
Светофордун кызыл-көзүн эсептет.

Колум сунуп, турсам тосуп.
Анда дагы күтүү керек.
Ала-була таякчамда
Тик жогору көтөргөндө,
Сары жарык күйдү да,
Даярданып турун анда,
Жолдон өтүп кетүүгө.

Капталымда сапып ага.
Турсам, колум түшүрүп,
Же өт! - деп көрсөтсөм,
Таякчам менен белгилеп.
Анда, досум, өтө бергин,
Жашыл жарык күйдү деп.
Балдарга жол көрсөтөт.

Жолдон ары өтүүдө,
Алаксыбай жүргүлө.
Жөө жүрүүнүн эрежесин,
Беш колуңдай билгиле.

Окуучулар: Ооба, бизди кечириңиз,
Сактыкка кордук жок.
Окуучулар кетишет.

15-окуучу: Чана менен муз тепкенин,
Жолго жакын дөңсөөдөн.
Кууш менен отпогун,
Машина жүргөн жолго сен.

16-окуучу: Курулуш жүрүп жатканда,
Жанында ойноп баспагын.
Алыстан байкап карачы,
Крандын иштеп жатканын.

17-окуучу:
Кызыл түстүү орт өчүрүү машина,
Ага жолду бошотобуз көргөндө.
Бул оң коркунучту бизге эскертет,
Кызыл жарык белгисиндей билгиле.

18-окуучу: Жолдо иштеген бульдозерлер,
Кран, асфальт төшөгүчтөр.


Сары түскө сырдалган
Арасында сары бешмантчан
Жүргүнчүлөр дагы бар.
Машинасын жайдан айдап,
Шашпай өтөт этияттап
Аны көргөн айдоочулар.

1-окуучу:

Жашыл түс - бул бейкапардык
Чөптүн жалбырактын түстөрү.
Ошондуктан күтөбүз биз,
Жолду кесип өтөөр кезде,
Светофордун жашыл көзү күйгөнүн!

Азаматсыңар балдарым! Анда эмесе балдар, „Жол белгисин билемин" темасындагы таймашыбызды баштайлы. Кайсы команда кыйын экен.


Мен улам жол белгилерин көрсөтүп турамын. Кайсы команда туура жана көп жооп берсе, ошол команда көп упайга ээ болушат.





Жана дагы башка белгилерден көрсөтүп, упайлар-ды эсептеп, уткан команданы куттуктайбыз. Жыйынтыктап жатып чогуу обонду бир ырдайбыз.


Хор: „Светофор"


















Абайлап айда алдыда тастақ жол.







STOP



# Ыйманым - ыйык кутум!



Мгр: Сабрашева Ф.А

# Ыйманым – ыйык кутум!

1 – окуучу: Коокоруно кымыз болуп куйганы,
Кыз- уулунун бутун болсун ыйманы.
Кызыл туусу тундугундо желбиреп,
Кыргыз эли суктандырсын кыйланы.

2 – окуучу: Байлыгым деп бала кундон жыйганым
Пейилиме уялаган ыйманым
Колдон келсе жакшылыкты аябай
Ак батасын алгым келет кыйланын.

3 – окуучу: Ыйман дайым окум сурсун уйубуздо
Ыйман журсун ырыбызда,дилибизде.

Ак – Куу бийи бийленет.
Окуучулар Ак- Куу ыймандуулуктун символу деп
Ак- куунун кесилген суротун которушот.

Ак – Куу ыры ырдалат.

Кайык минип чыгалычы тезирек
Кол устунон ак куу куштар кезигет
Эмнегедир ыймандуулук символу
Сыяктанып дал ошолор сезилет

Кол устундо копко сузуп журолу,
Бир-бирине тынчттык болуп тилеги.
Ак-куу куштар,асыл куштар ыймандуу,
Иренindей дайым аппак журогу.
Кол коркуно конулубуз куубанып,
Кол жээгинде копко чейин туралык.
Куюп турган сулуулукту сезимге,
Кыйкуулаган ак-куу унун угалык.

Кээ бир куну кол жээгинде басалык,

Койкондошуп кол устундо жасанып.
Копко сузот ак-куу куштар ыймандуу,
Табиятты тартуу эткен тазалык.

4 –окуучу
Жок болсо ыйман жоктой эки онурум
Жабыр тартып чого берет конулум.
Ыйман менин адептуулук казынам,
Ыйман менин журоктогу тенирим.

3-окуучу
Агымы мол омур деген дайрадан,
Ыйман менин ак кайыгым айдаган
Ыйман барда дуйном тугол ар качан
Ыйман барда ашып –ташат байманам

5-окуучу
«Ыйман» деген соз накта кыргыз созубу?Ушул собол мени кызыктырат.Балким аранардан бироо булл соболго жооп берер
.

6-окуучу
«Ыйман»арап созу Биздин тилде ишеним деген тушунукту берет.Болжол менен 10 кылымдын орто ченинде кыргыз эллине ислам дини терай баштаган .Ыйман деген соз ошондо кошо келип ,кыргыз турмушунан орун-очок алган.Ага 1010 –жыл болду.

5-окуучу
1010-жыл бул оной убакыт эмес.Ыйман деген соз булл убакыттын ичинде кыргыздын жашоо турмушунан кенири орун алды.»Ыймандуу» бол деп балдарга бата беребиз.
«Ыйманы бутун экен»- деп бироонун булосуно суктанабыз.

6-окуучу

Ооба! «Ыйманы жок !» деп бироонун адепсиз иш кылганына наалыйбыз.»ыйманы жолдош болсун «-деп маркумдун уй булосуно конул айтабыз.

7-окуучу

Ыймандуулукка кандай аныктама берууго болот?Ушул соболго так жооп мени кызыктырат.

8-окуучу: Ислам done:»Ыйман Алла Тааладан келген ак динге ынануу жана ишенуу деген аныктама берилет.Аллага ишенуу,periштелерге ишенуу,ыйык китептерге ишенуу,пайгамбарларга ишенуу,кыямат кунго ишенуу,кайра тирилууго ишенуу,тагдырга ишенуу деген  ыймандын жети парзы бар.

7-окуучу:

Бул ыймандын  ислам динидеги аныктамасы жана парзы экен.Мени бугунку турмушубуздагы «Ыйман» деген тушунуктун аныктамасы кызыктырат.

8-окуучу:

Туура айтасын! Азыр кыргыздын жашоо-турмушунда «Ыйман» деген тушунук  туура журуп ,туура суйлоонун жол жобосуна айланып кеткен.

9-окуучу:

Ыймандуулук-бул адамдардын денесин ,кийимин гана таза алып журуу эмес,дилинин тазалыгы: адеп-ахлагынын  акактай тунуктугу.

8-окуучу:

Ыймандуулук-бул адамдардын  он сапаттарынын жыйындысынан тузулуп адатка айланган руханий дуйносунун туруктуу энчиси.

7-окуучу:

Адамдагы он сапаттар кайсылар?

8-окуучу:

Саламдашуу,Ата-энени,коншу-колонду,тууган -урукту урматтоо,достошо билу,жамандык кылганга жакшылык

кылуу,боорукерлик,сабырдуулук ,кен пейилдуулук,ак суйлоо ж.б.у.с.

7-окуучу:

Адамдын терс сапаттары кайсылар?

8- окуучу:

Оройлук, ушакчылык, мыкаачылык, уурулук, ичи тардык, ысырапкорчулук, напсисин агытуучулук.ж.б.у.с.

9- окуучу:

Улутту урматто,улуттук сыймыкты сактоо ыймандуулукка жатабы?

8- окуучу:

Созсуз!Эгер образу айтсак ,ата-энени урматоо-бул ыймандуулуктун башаты.Коншу-колонду ,тууган-урукту урматоо-бул ыймандуулуктун шаркырап аккан кашка суусу.Ал эми урууну урматоо-бул –ташкындап аккан озон суусу,улутту урматтоо,улуттук сыймыкты сактоо-бул ыймандуулуктун толкуну кучтуу денизи.

9- окуучу:

Эгер ыймандуулукту образдуу турдо чокусу залкар тоо катарында элестетсек,анда оз уйун,оз кочосун,тууган жерин суйуу ыймандуулук тоосунун этеги,чолкомун ,крайын суйуу-ыймандуулук тоосунун ашуу бели.Ата-Мекенди суйуу-ыймандуулук тоосунун туу чокусу.

8-окуучу:

Ооба!

Дал ошондой !Сен айткан улутту урматтап ,улуттук сыймыкты сактоо ,Мен айткан Ата-Мекенди суйуу –бул ыймандуулуктун эн жогорку даражасы .

Ыйман менен!

Туугандар Ала-Тоонун арасына,
Бир гана байлыкты уйуп жыйган менен.
Максаттын жете албайбыз маарасына,
Турмушта ынак болбой ыйман менен.

Кайырма:

Ыйман шерик ырыска,
Ыйман- байыр кыргызга,
Ыйман керек уланга
Ыйман керек нур кызга
Ыйман менен жетебиз,
Биз жете элек жылдызга.

Элибиз муктаждыктан болуп эркин,
Зор байлык эркелетсин мейли бизди,
Анда да тузо албайбыз турмуш коркун,
Тазартпай ыйман менен пейлибизди,

Жашоо- булл дениз болсо кылаасында,
Келгин!- деп ыйман маяк куйуп турган.
Биз учун ал табылгыз бир асыл баа,
Адамдык касиетти бийик кылган.



# ӨМҮР наркы бир МҮНӨТТҮК КУМАРБЫ?

муг: Омуралиева Р.М.

# ӨМҮР наркы бир МҮНӨТТҮК КУМАРБЫ?


Сабактын темасы: Өмүр наркы бир мүнөттүк кумарбы?

Сабактын максаты:

Окуучуларды тазалыкка, жаман жолдордон качууга, жамандыктан сактанууга тарбиялоо. СПИД 20-кылымдын чумасы экендигин, оорунун арты өлүм менен аяктаарын түшүндүрүү. Таза ден соолук узак жашоого өбөлгө экендигин жеткирүү. Бул оорунун жугуу жолдору жөнүндө кеңири маалымат берүү.

Сабактын жабдылышы:

СПИД оорусу жөнүндө чыгарылган буклеттер, шприц ж.б. керектүү каражаттар.




Сабактын жүрүшү:

Мугалим сабакты лекция түрүндө өтөт. Окуучулар керектүү маалыматтарды дептерлерине кыскача жазышат. Түшүнбөгөн суроолору болсо мугалимге кайрылышат. Мындан сырткары атайын врачтарды жолугушууга чакырса да болот.

# XX кылымдын чумасы

Дүйнө жүзүндө күн сайын ВИЧ инфекциясын 15 миңдей адам жугузуп алып турат жана 8 миңдей адам СПИДден каза болот. ВИЧ менен жашаган жана СПИДден жабыркаган бардык адамдардын үчтөн бир бөлүгү жаштар. Кээ бир жаш адамдар ВИЧ инфекциясы биз үчүн коркунучтуу эмес деп ойлошот. Бүгүн СПИД менен ооруп калган чоө кишилер да бул маселеден алыспыз жана ал бизге тиешелүү эмес деп ойлошкон. Алардын канчасы бул ооруну өспүрүм кезинде жугузуп алгандыгын азыр аныктоо кыйын. Себеби, адамдын организимде ВИЧ киргенден баштап оору өөрчүгөөгө чейин 2-7 жума, кээ бирде андан да көп убакыт өтүшү мүмкүн. Баарынан өкүнүчтүүсү - ар ким өз иши менен алектенип, ден соолугуна кайдыгер мамиле жасаганы. Айрыкча болочок энелер жарык дүйнөгө кандай ымыркайды алып келишерин көпчүлүк учурда этибарга алышпайт.

ВИЧ инфекциясын чыгаруу вирус адамдын иммундук системасына жооп берүүчү ак кан клеткаларынын ичине кирип кетүүгө жөндөмдүү келет. Вирус клеткаларды азык катары жана көбөйүү үчүн колдонот. Көбөйгөндөн кийин, ал клеткаларды таштап, башка клеткаларга өтө баштайт. Натыйжада көчүп жүрүүчү вирус лимфоцит клеткаларынын көпчүлүгүн жабыркатып, организм өзүзнүн коргонуу кызматын жоготуп, ар кандай жугуштуу ооруларга туруштук бере албай калат. ВИЧ инфекциясы менен жашаган адамдар ден соолугу тазадай көрүнөт жана көп жылдар бою болуп ооруну жугузуп алгандыгынан шектенишпейт. Себеби, СПИДдин жашыруунун мезгили 4-7 жумадан 10-15 жылга чейин созулат. Бул аралыкта, оорунун кандайдыр бир белгилери пайда болгонго чейин, алар башкаларга да жугузушу мүмкүн.

Иммунитет төмөндөгөндө ага оорунун ачык белгилери белине баштайт: адам арыктап, узакка ичи өтөт, өпкөсү сезгенет, тердейт, бат чарчайт.



# Барган сайын жашарып...

"XX кылымдын чумасы" деп аталган СПИД барган сайын күч алып, кеөири кулач жайып келатат. Бул жугуштуу оорудан биздин өлкө да четте калган жок. Республикалык "СПИД" бирикмеси берген статистикалык маалыматтарга таянсак, Кыргызстанда 2007-жылдын март айына карата ВИЧ-СПИД менен ооруган 1112 адам катталган, анын ичинен бешөөсү - чет өлкөлүктөр. Анын ичинен СПИДдин оор формасы менен 77 адам ооруйт. Улуттук Кызыл Ай коомунун билдирүүсү боюнча наркомандар оору вирусун алып жүргөндөрдүн 68 пайызын түзөт. Ал эми ар бир областты бөлүп карай турган болсок, 2006-жылдын 1-ноябрына карата Ош шаарында -327, Ош областында -163, Жалал-Абад областында - 103,

Баткен областында - 14, Ысык-Көл областында - 4, Нарын областында - 2, Талас областында - 1.

Жогоруда Көрсөтүлгөн маалыматтарга таянсак, республиканын түштүк аймагындагы көрсөткүчтөр "Эмне үчүн ал жерде ооругандардын саны көп?" деген суроо туулат. Кыргызстан акыркы жылдары баңгизаттарды башка аймактарга ташууда транзиттик өлкөгө айланганы эч кимге жаңылык эмес. Ал жерден баңгизаттарды оңой эле табууга болору эч талашсыз. Наркомандардын саны менен СПИД оорусун жугузгандардын саны бирге өсүп келет. Алар ооругандардын 68 пайызын түзөт. Себеби, бир ийнени беш-алты наркоман колдонот. ВИЧ инфекциясына кабылѓандардын 78 пайызы-вирусту ийне аркылуу жугузуп алгандар.




***Ошентип, СПИД ар бир мамлекеттин улуттук коопсуздугуна чоң коркунуч келтирет.***

# СПИД кайсы учурда жугат?


1. Жыныстык мамиледе тиешелүү коргоочу каражаттарды пайдаланбаганда.
2. Сакал-мурутту алууда, маникюр, педикюр жасатканда ж.б. гигиеналык процедураларды колдонгондо.
3. Наркотикалык заттарды алууда тазаланбаган шприцтерди пайдаланганда.

# СПИД кайсы учурда жукпайт?

1. Кол алышканда.
2. Адамдын кийим-кечесин, идиш-аягын пайдаланганда.
3. Бассейнге, мончого түшкөндө.
4. Өбүшкөндө.



# Кыргызстан без СПИДа!



# СПИДсиз Кыргызстан!

5- класс. Адамбек кызы Элнура.

СПИД - пайда болгон иммундук жетишсиздиктин синдрому - бул кишинин иммундук дефицитинин вирусун (ВИЧ) чакыруучу жугуштуу оорунун акыркы тепкичи. Бул вирус адамдан адамга гана берилет. ВИЧ , бардыгынан мурда , адамдын организминин ар кандай ооруларга жана жугуштуу ооруларга каршы турууну камсыз кылган коргонуу системасын жабрыкатат. ВИЧ менен жашаган адамдар ден-соолугу тазадай көрүнөт жана көп жылдар бою бул ооруну жугузуп алгандыгы тууралуу шектенишпейт.

Бул учурда , оорунун кандайдыр бир белгилери пайда болгонго чейин , алар башкаларга да жугузушу мүмкүн.

ВИЧ – инфекциясынын алгачкы белгилери көптөгөн башка оорулардын белгилерин элестетет. Алар : лимфа бездеринин чоңойушу , жөтөлүү , дененин ысышы , ичтин өтүүсү ж.б.

«ВИЧ -инфекциясы» деген диагнозду врач гана атайын анализдин - тесттин жардамы менен кое алат.

Азыркы учурда окумуштуулар ВИЧ – инфекциясына каршы вакцинаны иштеп чыга элек , ошондой эле ВИЧ – инфекциясынан адамдын организмин толук айыктыруучу дары дармектер да жок. СПИД жүз миңдеген адамдардын өмүрүн алып кетти жана планетадагы бардык адамзатка коркунуч туудурууда.


СПИД

# ВИЧ кантип жайылат?

Жайылуунун үч жолу бар:

- Жыныстык жол аркылуу - презервативсиз жыныстык байланыш учурунда , эгерде шериги , мейли бир жыныстуу болсун , ошолордун ичинен бирөөсү ВИЧ – инфекциясына чалдыккан болсо.

- Кан аркылуу – ВИЧ –инфекциясы менен жашаган адам менен бир ийнени же шприцти чогуу колдонсо , айрыкча баңги заттарын кан тамырга сайынуу учурунда.
- Эсинде болсун: ар дайым бир жолу колдонуучу же өтө тазаланган шприцти колдонуу тийиш.

- ВИЧ жугузуп алган энеден балага кош бойлуу кезинде , төрөт учурунда же эмизгенде ВИЧ жугат.


СПИДКЕ
ЖОЛ-ЖОК

## *СПИД / ВИЧ тин дуйно жузундо , Кыргызстанда ,Чуй областындагы хроникасы.*

1981- жылы – биринчи жолу Буткул дуйнолук ден соолукту коргоо уюуму тарабынан СПИД оорусу катталган.

1983-жыл СПИД оорусун козгоочу вирус табылган.

1989-жыл – Кыргызстанда СПИД ке каршы профилактика жана курош жургузуу борбору ачылган.

1996-жыл Кыргызстанда биринчи ВИЧ инфекциясы менен оооруган адам катталган.

2003-жыл ВИЧ/СПИД каршы профилактика жана курош жургузуу борбору Чуй областында ачылган.

2007-жылдын аягында дуйно жузу боюнча ВИЧ/СПИД оорусу менен катталгандардын саны 46 миллион адамга жеткен анын ичинен
20 мин адам кундо жаны катталганы , 9мнге жакыны 15жашка чейинкилер , 18 мин 15жаштан 40 жашка чейинки адамдар
50% жакыны аялдар , ар бир мунот сайын ВИЧ оорусун жугузгандар 80 адам .

СПИД оорусунун эпидемиясы башталгандан бери 7 млн жогорку жаштагы , 950 мин жаш балдар 15 жашка чейинки курактагылар ооруганы катталган.
Республика боюнча 2592 адам катталган .
Чуй областы боюнча 398 оору катталган


СПИДдин жугуу жолдору:
- жыныстык жол менен.
- кан аркылуу кобунчо бир ийне менен наркотик колдонгондо .
- боюнда бар аялдардан баласына отот.

СПИДден кантип сактануу керек:
- капыстан болгон жыныстык катнашты болтурбоо.
- презервативди дайыма колдонуу.
- венага наркотикалык заттарды сайынбоо.

Назарбеков Кайрат 6-кл



Назарбеков Кайрат 6-кл




СПИД
жок.
STOP

А.Жаманбаев атындагы толук эмес орто мектеби

4- класс


Тема:

# Өнөр алды – кызыл тил

Мугалим: Сабралиева Ф.А


# ТЕМА: “ӨНӨР АЛДЫ – КЫЗЫЛ ТИЛ”
## (4-класс)

*“Эне – бул мекендин башталышы,*
*эне – бул эне тил, эне – бул эне сүтү*
*менен кошо сиңген абийир”*
*Чыңгыз Айтматов.*




**Кыргыз элим көркөм сөздүн устасы,**
**ар бир сөзү кылымдардын нускасы.**
**өрнөк кылып муундардан-муунга,**
**кылым бою сактап келет кыскасы**

**Сабактын максаты:**
**Билим берүүчүлүк:**




1. Балдар кыргыз тилинин байыртадан бери келе жаткан уюткулуу тил экенин түшүнүшөт;
2. Окуучуларга кыргыз тилинин улуулугун, көркөм сөздөргө бай экендигин жеткирүү;
3. Ар бир улуттун тарыхы, маданияты, улуулугу эне тилинен байкала тургандыгын баалай билүүгө багыттоо;
4. “Өнөр алды кызыл тил” деген сөздүн айланасында талкуу уюштуруу;

**Байкоо жүргүзүү жана салыштыруу.**

**Класстык сааттын милдеттери:**

***Өнүктүрүүчүлүк:***

- Сүйлөө кебин арттырып, адабий тилдин нормасын сактоого, логикалык ойлорун өстүрүп, эне тилди даңктаган көркөм окууларды, макал-лакаптарды айтууга жетишет.

***Тарбия берүүчүлүк:***

- Окуучулар эли-жерин, тилибизди сүйүүгө, маданияттуулукка, тилдин тазалыгын, байлыгын сактоого тарбияланышат;
- Балдарды сөздү барктай билүүгө, таза, маданияттуу сүйлөөгө тарбиялоо;
- Мамлекеттин тилдин күңгөй-тескейи жөнүндө пикирлешүү;

***Күтүлгөн натыйжалар:***

- Окуучулар мугалимдин жардамы менен эне тилинин тарыхын, маданиятын маанисин жана ордун түшүнүшөт.

***Баалуулуктарды сиңирүү:*** "Өнөр алды - кызыл тил" дегендей эне тилибиздин тарыхына болгон кызыгуусун арттыруу; өз ара байланыш, баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүү (башкалардын пикирин урматтоо, уга билүү жөндөмү).

***Класстык сааттын жабдылышы жана көрсөтмөлүүлүгү:*** кыргыз тилди чагылдырган сүрөттөр, эне тили тууралуу макал-лакаптар, ватман, скотч, маркер, а4 кагаздар, учкул сөздөр ж.б.

***Класстык сааттын тиби:*** Жаңы билимдерди үйрөтүү сабагы.

***Класстык саатты өтүү методу:*** Иллюстрациялык түшүндүрүү сабагы.

***Уюштуруу формасы:*** Индивидуалдык, фронталдык.

**Сабактын усулу:** сынчыл ойломду өстүрүү, интерактивдүү усул.

**Сабактын формасы:** аралаш сабак.

**Сабактагы предмет аралык байланыш:** Тарых, кыргыз тили, кыргыз адабияты жана музыка.

**Колдонулуучу методдор:** түшүндүрүү, практикалык.

**Сабактагы негизги иш-аракеттер:**


- Мамлекеттик тил гимни, эне тилди даңазалаган ырлар, көркөм окуулар, макалдар, тесттер, табышмактар, топтордо иштөө.
- Кыргыз тил маданияты, үрп-адаты тууралуу окуучулар менен ой бөлүшүү.
- Кыргыз тил тууралуу ыр ырдоо, макалдардын маанисин чечмелөө.

**Сабактын негизги идеясы:** Улуттар аралык достукту бекемдөө, билим жана тарбия, ынтымак, окуудагы ийгилик, чың ден соолук, кыргыз тил үчүн гүлдөп өсүшүнө кошкон салым экендигин окуучуларга түшүндүрүү.

**Класстык сааттын планы:**

1. Уюштуруу учуру – 3 мүнөт.
2. Сабакты өтүүгө киришүү – 8 мүнөт.
3. Сабактын негизги болүгү – 25 мүнөт.
4. Сабактын жыйынтыгын чыгаруу – 9 мүнөт.

1. **Сабактын жүрүшү: Уюштуруу.**




1. Саламдашуу.

Класстı толуктоо, келбегендерди журналга белгилөө.

**Мугалим:** Балдар! Биз бүгүн “Өнөр алды кызыл тил” деген темада тарбиялык саат өтөбүз.



Элибиз илгертен кеп-сөздү баалап, барктап келген. "Өнөр алды - кызыл тил", "Удулу келгенде айтылбаган сөздүн атасы өлөт", "Бутунан жаңылган турат, сөзүнөн жаңылган турбайт", "Сөзүң өлгөнчө өзүң өл", "Жакшынын сөзү кепил, жамандын өзү кепил" деген сыяктуу не бир сонун макал-лакаптардан эле кыргызда сөзгө канчалык маани берилээрин түшүнсө болот. Илгери бүтүндөй уруулардын тагдыры чечилген чоң жыйын-курултайларда уруу башчылары сөзү түгөнүп баратканда же маанилүү кеп айттырыш үчүн чечендерди, кептин баркын билген сөзмөрлөрдү ортого бекеринен салышпагандыр. Себеби, орду, мааниси менен айтылган кепке калың журт муюп, ал эми таамай айтылган сөз таамай атылган октой тийип, каршылашы


кепке жыгылган. Ошол эле өткөн жоокер заманда акылман-кеменгерлер, сөзгө чечендер элчиликке барып, эл тагдырын чечип, журтун калың жоонун чапкынынан аман алып калганы көркөм сөз казналарда айтылып эле жүрбөйбү.

Силер, биздин келечегибизсиңер. Ошондуктан бабаларыбыз сүйлөгөн сөздөрдү улап, аны көкүрөгүнө сактап, эне тилибизди эң жөнөкөй угумдуу да, жагымдуу да, көркөмдүү да өзгөчөлөнгөн тил экендигин дүйнө элдерине тааныта билүү, кийинки муундарга жеткире билүү ар бирибиздин эң ыйык парзыбыз.



Кыргыз эли тилге, сүйлөө маданиятына артыкча маани берген эл болгондуктан,” өнөр алды кызыл тил” дешкен.

Эне тил! Кандай жөнөкөй, кандай терең, кандай улуу сөз! Дал ушул сөз ар бирибиздин каныбызды ойнотуп, акылыбызды арыштатып турат.




Кыргыз тилибиз - биздин эне - тилибиз. Биз үчүн улуу тил, ыйык тил. Улуу тилде Манас атабыз ураан чакырып, эли - жерин коргоп келген. Бабабыз Бакай Накыл сөзүн баян эткен. Каныкей энебиз бешик ырын ырдаган. Бизда энебизден ак сүтү менен бирге алдей ырын укканбыз. Энени ааламды баккан жерге теңегени бекеринен эмес. Дүйнөдө эч жандын энеге теңдеши жогу чын. Эне тилди сүйүү ар бирибиздин парзыбыз. Кыргыз Республикасынын эне тили - кыргыз тили. Кыргыз тили - көрөңгөлүү тил. Ал тарыхтын байыркы түпкүрүнөн агып чыгып, нечендеген бөгөттөргө карабай, келечекти көздөй татыктуу жол таап, бүгүнкү күндө Мамлекеттик тилге айланды.

1989-жылы 23- сентябрында мамлекеттик тил жөнүнө мыйзам кабыл алынган эле.Тилим барда улутмун, тилим менен улукмун, Эне тили болбосо аты аталбайт улуттун,-дешет эмеспи.




Тил – бул нечендеген кылымдарды карытып, урпактардан урпактарга көөнөргүс касиетин менен улуу көчүн улаган тарыхы. Улуттун улуулугун сактаган эне тили. Улуу акын Р. Гамзатов: ”Эгер эртең алар тилим жок болсо, анда жакшы бүгүн өлүп калганым”-деп жазат.

Анын сыңарындай, кыргыз эли да, өз эне тилин сүйүп жана аны кылымдардан кылымына кастарлап сактап келүүдө.

“Адамдын эне тили - анын жан тамыры”. ”Дил бермети – тил” демекчи, жан дүйнөдөгү ой – тизмектерин тил аркылуу билдиресин да. Ошондуктан тээ алмустактан келе жаткан булбул тилдүү таңдайынан чаң чыккан, күлкүлүү кеби күн батырып, тамаша кеби таң атырган кыргыз элимдин урпактарына бал татыган Умай-энебиз батасын берчү.

Касиеттүү кыргыз элибиздин уюткусу, көрөңгөсү болгон ак калпактуу элибиз жашап турганда, кыргыз тили жоголбосуна, дүйнөлүк башка тилдер менен тең тайлаша өнүгүшүнө ишенебиз.

"Эне тили болбосо, аты аталбайт улуттун" деп бекеринен айтылган эмес. Элди түбөлүктүү мамлекет катары тааныткан анын тили. Кыргыз тилинин тагдыры - кыргыз улуттун тагдыры. Тилди сактасак, улутту сактайбыз.

**Эне тил жөнүндө ырлар:**

**1-окуучу:** Эне тилим улуу тил,

Манас бабам сүйлөгөн.

Жашап келет биз менен,

Кылымдардан кылымга.

**2-окуучу:** Эне тилим ырыскым,

Толуп турган чагымда.

Жашап келет биз менен,

Кылымдардан кылымга.

**3-окуучу:** Эне тилим таалайым,

Кайда гана барбайын.

Эне тилим барында,

Дайым жарык маанайым.

**4-окуучу:** Тилим барда улукмун,

Тилим менен улутмун.

Эне тили болбосо,

Аты аталбайт улуттун.

**5-окуучу:** Кыргыз тилим кылымдарды баскан тил,
Кыргыз тили көркөм дүйнө баскан тил.
Бул тил менен Манас бабам жар салып,
Мезгилдеги зор кайратты каткан тил.
**6-окуучу:** Кыргыз тили нускалуу тил, кутман тил,
Кыргыз тили кылымдарды уккан тил.
Кыргыз тили акындардын ырынан,
Чечендердин таңдайынан чыккан тил.
**7-окуучу:** Кыргыз тили бабалардан калган тил,
Кыргыз тили тээ түпкүрдөн жазган тил.
Кыргыз тили байыркынын дастаны,
Бир мезгилде муңга баткан арман тил.
**8-окуучу:** Бул тил менен даанышмандар сыйлашкан,
Бул тил менен ачылбаган сырды ачкан.
Бул тил менен ак таңдайлар ачылат,
Далай акын дастан жазган ыр жазган.
**Азыр балдар макал-лакаптарды айтуу:**
**Макал-лакаптар.**
**1-окуучу:** "Ой океан-тил булак"
**2-окуучу**: "Буттан жаңылган турат, тилден жаңылган турбайт"
**3-окуучу:** "Тил билсен - дил билесиң"
**4-окуучу:** "Тил - акындын күзгүсү"
**5-окуучу:** "Тил - акындын таразасы"
**6-окуучу:** "Тил акыйкаттын ачкычы"
**7-окуучу:** "Тил - ойдун булагы"
**8-окуучу:** "Тилсиз улут болбойт"
**9-окуучу:** "Узун тил уудан жаман"
**10-окуучу:** "Өнөр алды кызыл тил"
**11-окуучу:** "Тилдин сөөгү жок"
**12-окуучу**: "Илим менен билимге көпүрө - тил"
**13-окуучу:** "Эне тил - улут сыймыгы"

**Табышмактар**.

1. Ким унчукпастан сүйлөйт? *(китеп)*
2. "Кыдырата таш койдум, кызыл өгүздү бош койдум" *(тил, тиш)*

**Макалдар** *(тест)*

1. *Тил билсең...билесиң.*
   *а)адам. б)өлкө. в)эл. г)дил.*
2. *Тил акылдын…*
   *а) каражаты, б) булагы, в) тепкичи, г) ачкычы*
3. *Тилде… жок*
   *а) уят, б) мээ, в) бет, г) сөөк*
4. *Жалгыз дарак… болбойт*
   *а) тактай, б) токой, в) отун*
5. *Эшек жүгүрүп... болбойт*
   *а)күлүк, б)тулпар, в) аргымак*
6. *Көпчүлүк түкүрсө көл болот, көл... сел болот*
   *а) жинденсе, б) чайпалса, в) толкуса*

**Суроо - жооп викторинасы.**

- Бир кылымда канча жыл? (100)
- Шаршембиден кийин кайсы күн келет?
- Жолой Мамытов акынбы, сүрөтчүбү, актербү?
- Синоним деп эмнени айтабыз?
- Сары-Челек көлү кайсы облуста жайгашкан?
- Проза менен поэзиянын айырмасы кандай?
- Түлкүнүн баласын эмне деп аташат? (бачики)
- Физкультура сөзүнүн кыргызча аталышы? (дене тарбия)
- Дүйнөдө эмне күлүк? (ой)
- Сен таза болсоң, мен таза болсом, коом да таза болот" - деген таасын ой кимге таандык? (Исхак Раззаков. Кыргызстан ЦК Компартиясынын Биринчи секретари).

**Макалды ула:**

1. Тилде сөөк жок... *(айбанда акыл жок);*
2. Тилден жыгылганча...*(буттан жыгыл);*
3. Тилдин сөөгү *...(жок);*
4. Тили – бал, жүрөгү...*(муз);*
5. Абийириңди жашыңан...*(сакта);*
6. Адептүү – алкыш алат, адепсиз-...*(каргыш алат).*

**Бышыктоо.** Суроо: “Өнөр алды – кызыл тил” ушул макалды кандай түшүндүңөр, балдар?

**Сабактын жыйынтыгы:**

**Суроолорго өз алдыбызча жооп беребиз:**



1. *"Ар бир тил өз эли үчүн ыйык тил" ушуну чечмелеп бергиле?*
2. *Эне тилиңер жөнүндө кандай макалдарды билесиңер?*
3. *"Өнөр алды - кызыл тил"макалды чечмелеп бергиле?*
4. *Эне тилиңерди жакшы көрөсүңөрбү?*
5. *Өз эне тилин билбегендерди биз эмне дейбиз?*

**Бабалар сөзүн билип жүр!**



1. "Өнөр алды кызыл тил"
2. "Кеп көркү – тил, ойдун көркү – сөз болот"
3. "Бутунан жаңылган турат, сөзүнөн жаңылган турбайт".
4. "Сөзүң өлгөнчө өзүң өл".
5. "Жакшынын сөзү кепил, жамандын өзү кепил".
6. "Өнөр алды кызыл тил".
7. "Тил ойдун сандыгы".
8. "Элин сыйлабаган тилин жерийт".
9. "Эне тилин билбеген элин сүйүп жарытпайт, эне тилин сүйбөгөн, эси жогун аныктайт".

**Жыйынтыктоо:** Мына балдар, бүгүн биз *"Өнөр алды кызыл тил"* деген темада кеп кылдык. Демек, эне тилибизди кастарлап, сүйүп, баалап келишибиз керек.

**Баалоо:** Окуучулар бааланат.

**Үйгө тапшырма:**
"Өнөр алды кызыл тил" жөнүндө дил баян жазып келүү .

**Тилге байланыштуу накыл сөздөрдүн маанисин чечмелөө:**

**«Эне тилим - эне сүтүм» -**
**Адам баласы бул дүйнөгө келгенде биринчи эненин сүтү менен оозанат. Эненин сүтү эч нерсеге теңдештирилбейт да, алмаштырылбайт. Анын сыңарындай эне тилибиз да эне сүтүндөй.**

**«Тил тагдыры - эл тагдыры» -**
**Кыргызда тили болбой , эл болбойт эмеспи , ар бир улуттун тили , дили , маданияты болот , эгер тили жоголсо анда ал улут да жок болуп кетет.**

Кылым сүргүн кыргыз тили ,
Кызгалдактай гүлдөсүн.
Жайып тамыр - бутактарын ,
Жаш арчадан бүрдөсүн.
Ишкананы кенен ээлеп ,
Иш кагазда сайрасын.
Көчөлөрдө эркин басып ,
Көрнөктөрдө жайнасын.

Бакчаларда байыр алып ,
Окуу жайда окулсун .
Тоолуктардын өз тилнде ,
Токтомдору токулсун ,
Телеграф , телефондор ,
Сүйлөп турсун кыргызча ,
Ата -Журттун эне тили
Аралашсын турмушка .
Желбирегин желегиндей
Жетсин колу жылдызга!

**«Элди түбөлүк эл кылып турган анын тили. Ар бир тил өз элине улуу. Биздин ар бирибизди бул тарых дүйнөгө алып келип, эбегейсиз зор байлыкты - өз тилин тартуулаган элибизге түбөлүк милдеткербиз. Анын тазалыгын сактап , байлыгына байлык кошуубуз керек.»**

Чыңгыз Айтматов.

**«Тил адамды , бакыт , даңкка жеткирет»**

Жусуп Баласагын.

**«Эне тилин билбеген**
**Эси жогун аныктайт**
**Эне тилин сүйбөгөн**
**Элин сүйүп жарытпайт»**

Токтогул.

*Бирге жүрсөм эне*
*тилин кадырлайм ,*
*Бул тил менен*
*иштейм ,*
*сүйлөйм , ыр*
*ырдайм.*
*Башка тилди жандай*
*жакшы көрсөм да ,*
*Өз тилимди сүйгөнүмдөн*
*жаңылбайм.*
*Кыргыз тилим , менин*
*дилим сүйгөнүм,*